## ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ

## СЕКЦИЯ 1
## КӨЧМӨН ЭЛДЕРИНИН ТАРЫХЫ, ФИЛОСОФИЯСЫ ЖАНА ЗАМАНБАП УЧУРУ
## ИСТОРИЯ, ФИЛОСОФИЯ И СОВРЕМЕННОСТЬ КОЧЕВОГО НАРОДА
## HISTORY, PHILOSOPHY AND THE PRESENT TIME OF THE NOMADIC PEOPLE

УДК 391.7

**Бекташева В.У., Өмүрбеков Ч.К.**
т.и.к. Кыргызстан Акыйкатчысынын юридика бөлүмүнүн башчысы,
т.и.к., доцент Эл аралык илим жана бизнес университети

# КЫРГЫЗ АЯЛДАРЫНЫН САЛТТУУ ЗЕРГЕР АЗЕМДЕРИН ЖАСОО, КҮМҮШ ЖАЛАТУУ, КЕСИК ТҮШҮРҮҮ ЖАНА КАЛЫПКА САЛУУ ЫКМАЛАРЫ

*Макалада XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башында кыргыз зергер усталары жана чеберлери түстүү металлдан аялдардын салттуу зергер азем буюмдарын жасоо, күмүш жалатуу жана калыпка салуу ыкмаларын пайдаланышкан. Талаада топтолгон этнографиялык маалыматтардын негизинде жогоруда аталынган ыкмалардын аймактык чеберчиликтик өзгөчөлүктөрү илимий анализге алынган.*

**Түйүндүү сөздөр:** *көркөм колдонмо өнөрү, чеберлер, согуу, күмүш жалатуу, калыпка куйуу ыкмалары, зергерлер, кооздук оймосу, кездеме оймолор, көчөттөр, геометриялык чиймелер, сөлөкөттөр, декоративдик кооз азем буюму.*

**Бекташева В.У., Омурбеков Ч.К.**
к.и.н. заведующий юридическим отделом Омбудсмена Кыргызстана,
к.и.н., доцент Международного университета науки и бизнеса

# ИЗГОТОВЛЕНИЯ ТРАДИЦИОННЫХ ЮВЕЛИРНЫХ УКРАШЕНИЙ ДЛЯ КЫРГЫЗСКИХ ЖЕНЩИН СПОСОБОМ КОВКИ, НАЛОЖЕНИЕМ ТОНКОГО СЛОЯ СЕРЕБРА И НАТЯГИВАНИЕМ НА КОЛОДКУ

*В статье отмечается о том, что в конце XIX– начале XX вв. кыргызские ювелиры и мастера при изготовлении женских декоративно-прикладных украшений из цветного металла использовали традиционные способы ковки, наложение тонкого слоя серебром и натягивание на колодку. На основе собранных полевых этнографических материалов научно проанализированы территориальные особенности и мастерство кыргызских ювелиров при использовании выше отмеченных методов.*

**Ключевые слова:** *декоративно-прикладная деятельность, мастера, способы ковки, наложение тонкого слоя серебра, натягивание на колодку, ювелиры, орнаментированное изящество, узоры, тканые орнаменты, геометрические рисунки, неясные силуэты, изящные декоративные предметы.*

**V.U. Bektasheva, Ch.K. Omurbekov**
c.h.s., head of a leqal Department of the OmbudsmanKyrqyzstan,
c.h.s., assistant professorInternational University of science and business

# MANUFACTURE OF TRADITIONAL JEWELERY ORGANIZATIONS FOR KYRGYZ WOMEN BY THE METHOD OF FOREVER, INSERTING A SILVER LAYER OF SILVER AND TIGHTENING ON A PILLOW

*The article is noted thaf at the end of 19-the veqinninq of 20.Kyrqyzjewelets and master in the manufacture of women s decorative applied decorations of tlowetmetel used traditional methods fotqinq, imposinq a thin layer of silver and drawinq on theblock. On the basis of collectad field ethnoqraphie materials science analyzed territorial feafures and skill KyrqyzLewelersafcxecution above mentioned methods.*

**Keywords:** *decorativeapplied activities, master, methods fotqinq, imposinq a thin layer of silhouettes, qracefuldecorative objects.*

Кыргыз элинин өз алдынча өнүгүүгө ээ болгон көркөм колдонмо өнөрү дүйнөлүк маданияттын бир бөлүгү болуп саналат. Элдик усталардын, чеберлердин, зергерлердин салттуу көркөм буюмдарында жалпы кыргыз элине жана анын аймактык (локалдык) бөлүктөрүнө тиешелүү чарбалык, руханий маданияттын өзгөчөлүктөрү чагылдырылган. Алар көркөм чеберчиликтин жанрдык жагынан ар түрдүүлүгү, формаларынын, аткаруучулук ыкмаларынын өзгөчөлүктөрү кылымдан кылымга жашап келе жаткан кыргыз салты жана эстетикасы менен тыгыз байланышкан.

Кыргыздардын элдик чеберчилигинин (искусствосунун) өнүгүү жолдору, элдин турмуштук тажрыйбасы менен шартталып, алардын күндөлүк турмушу менен түздөн-түз байланышкан. Узак кылымдар бою элдик чеберчилик (искусство) мал чарбасына байланышкан көчмөн турмуштун негизинде өнүгүп келген. Эл отурукташканга өткөндөн кийин деле салттуу зер буюмдары өзүнүн жөнөкөйлүүлүгүнүн, декоративдүүлүгүнүн байыркы көркөмдүк салтын сактап кала берген.

Кыргыз эли патриархалдык-феодалдык түзүлүштүн шарттарында жасалга-колдонмо көрк өнөрүнүн (көркөм кол өнөрчүлүгүнүн) кайталангыс казынасын түзгөн. Мындай казынаны түзүүдөгү чеберчилик, зергерчилик муундан - муунга өткөрүлүп келген. Чарбалык, экологиялык жана калк аралык маданий (этномаданий) жарандарга түздөн-түз байланышкан таланттуу кыргыз чеберлеринин өнөрлөрү кыргыз элдик көркөм өнөрүнө мүнөздүү болгон декоративдик айырмачылыктарды, нуска сапаттарды, аймактык өзгөчөлүктөрдү пайда кылып, өнүгүү жолуна түшкөн. Алардын бири-бирине окшогон нукура салттык элементтеринин тобу кыргыз элдик (этникалык) бирикмесинин көркөм жасалга топтомун түзгөн.

Кыргыз элинин зергерчилик көркөм өнөрү улуттук маданиятта негизги орунду ээлеп, көптөгөн кылымдар бою аялдардын зергер аземдеринин кайталангыс үлгүлөрүн жараткан. Зергер аземдеринин улуттук өзгөчөлүгү муундан муунга берилип келе жаткан элдик устаттардын, чеберлердин, усталардын чыгармачылыгында чагылдырылган.

XIXкылымдын аягы – XXкылымдын башында кыргыздардын зергер Усталары жана чеберлери түстүү металлдан аялдардын салттуу зергер азем буюмдарын жасоодо *согуу, күмүш жалатуу* жана *калыпка салуу* ыкмаларын пайдаланышкан.

*Согуу* – ар түрдүү улуттук оюулардын, жаратылыш кубулуштарынын, канаттуулардын, өсүмдүктөрдүн жана түрдүү татаалдыктагы геометриялык чиймелердин сөлөкөттөрүн же чиймелерин зергер буюмдарынын беттерине түшүрүү. Салттуу коомдо мындай ыкма Кыргызстандын бардык аймактарында кеңири тараган. Кыргыз зергерлери

жана чеберлери колдонушкан технологиялык ыкмалардын ичинен согуу ыкмасы декоративдик жасалга-колдонмо чеберчилигинде маанилүү орунду ээлеген. Топтолунган маалыматтарга караганда зергерлер аялдардын кооз декоративдик буюмдарын жасоодо аралашмасы жок таза күмүштү пайдаланышкан. Кыргыз зергерчилигинде согуу ыкмасы аркылуу аялдардын зергер аземдеринен сырткары ат жабдыктын кооздуктары, боз үйдүн керегелерине илинүүчү түрдүү азем жасалгалары жасалган. Усталардын айтымында таза күмүштөн согулуп жасалган күмүш сапаттуулугу менен айырмаланып, декоративдик кооз азем буюмун жасоодо ойдогудай натыйжаны берген.

Согуу ыкмасында күмүш ысык жана муздак абалында пайдаланылган. Күмүш муздак абалында керектүү калыңдыкка чейин жеткирилип согулуп, анын четтери керектүү таризге (калыңдыкка) келгенче балка же чот менен тегизделген. Муздак согуу ыкмасы күмүштүн серпилгичтигин жана бышыктыгын жогорулаткан.

Ысык күмүштүн бетине тигил же бул оюунун, геометриялык чийменин сүрөтүн же сөлөкөтүн согуп түшүрүү ыкмасы бир эле устанын же зергерчинин колунан келе берген эмес. Анткени, мындай ыкма салттуу технологиялык ыкмалардын ичинен эң татаалы болуп саналган. Мындай ыкманы иш жүзүнө ашырууда жасалчу азем буюмунун бетине кооздук оймосун же геометриялык чиймесин түшүрүү үчүн бир учу жылмакай, экинчи учун ар түрдүү оюулардын, оймо көчөттөрүнүн же геометриялык чиймелердин сүрөттөрү түшүрүлгөн таяк сыяктуу металлдан (темирден, колодон, аллюминийден) жасалган аспаптарды колдонушкан. Аспаптын сүрөттөр же чиймелер түшүрүлгөн учу кооздолуна турган күмүштүн үстүнө коюлуп, экинчи учунан балка менен урулган. Натыйжада күмүштүн бетине тандалып алынган оюу, оймо көчөтү же чийме согуу ыкмасында түшүрүлгөн.

Түрдүү тариздеги оюуларды жана чиймелерди бири-бирине чаташтырбай азем буюмунун бетине так жана даана түшүрүү зергер буюмуна кайталангыс кооздукту алып келген. Мындай оюулардын ичине жылдызча, жарымай, ит куйрук, тоок көз, чымчык көз, көпөлөк канат, чаар чапкы жана башкалар кирген. Ал эми геометриялык кооздук чийимдеринин ичинен түз, толкундуу сызыктар, кыйшык бурч көчөттөрү кеңири тараган.

Кыргызстандын айыл жерлеринде топтолунган этнографиялык маалыматтарга караганда согуу ыкмасы Ысык-Көл, Нарын, Чүй өрөөндөрүндө *чапкы*, Ош, Баткен, Жалал-Абад аймактарында *басма* деген аттар менен белгилүү [1-5,7-10]. Салттуу коомдо согуу ыкмасынын аталынган жергиликтүү түрлөрүндө кыргыз аялдары пайдаланган билерик, шакек, сөйкө, чач учтук, төөнөгүч жана башка зергер аземдери кооздолунган.

Түстүү жумшак темир бетине *күмүш жалатуу* же *кесик түшүрүү* зергерчиликтеги ыкмалардын негизгилеринин бири болуп саналган. Мындай ыкма Кыргызстандын бардык аймактарында кеңири тараган [6].

Маалыматчылардан топтолгон талаа этнографиялык материалдарга караганда зергерлер жана чеберлер пайдаланышкан күмүш жалатуу менен кесик түшүрүү ыкмаларынын айырмасы болгон. Адегенде кооздук үчүн түстүү металлдан жасалган азем буюмунун бетине күмүш жалатуу жараяны жүргүзүлгөн. Күмүш жалатуу дегенибиз кооздук берүү үчүн алдын ала эритилген күмүштү азем буюмунун бетине жука жана тегиз катмарда төгүү. Мындай ыкманы иш жүзүнө ашырууда зергер күмүштү жашытуу ыкмасына кайрылган. Себеби, күмүштү түстүү темир бетине жалатуу да, же жабууда, жалатылуучу материалды отко кармап, улам табы менен жашытып турган. Күмүш жашытылгандан кийин буюм жасалуучу түстүү темирдин бетине жабылган. Жашытылган күмүштү жабуунун

алдында ар бир зергер балкасы менен түстүү темирге торчого окшогон сызыктарды түшүргөн. Мындай торчо сызыктар жумшартылып жабыштырылган күмүштү кооздук аземинин бетине бекем кармаптуруу үчүн жасалган. Торчонун үстүнө даяр болуп жумшартылган (эритилген) күмүштү жабышкан. Эритилип даяр болгон күмүш азем буюмунун бетине бирдей деңгээлде (катмарда) жаткырылган. Жаткырылган күмүш балка менен бирдей басымда бир топко чейин тапталынган. Жабылып тапталынган күмүштү түктүү кездеме же кийиз менен бир нече жолу өйдө-төмөн сүрткөндө жабылган күмүш жалтылдап, өңүнө чыккан [3,4,10] .

Азем буюмунун бетине кесик түшүрүү төмөндөгүдөй жол менен жүргүзүлгөн. Күмүштөн же жеңил түстүү темирден түзүм жагынан даяр болгон азем буюмунун бетине түстүү жеңил зымдардан кооздук үчүн ар түрдүү тариздеги оймолор, геометриялык чиймелер, астрономиялык кубулуштар, жаныбарлардын сөлөкөттөрү түшүрүлгөн. Кесик түшүрүү ыкмасы Кыргызстандын бардык аймактарында бирдей эрежеде, технологияда болгон эмес. Ар бир чоң территориалдык регионго (аймакка) тиешелү өзгөчөлүктөр сакталынган.

Топтолунган этнографиялык маалыматтарга караганда кыргыз зергерлери салттуу коомдо кооздук азем буюмунун бетине кесик түшүрүү ыкмасынын эки түрүн пайдаланышкан. Биринчиси, жалпак согулуп даяр болгон күмүштү азем буюмунун бетине буюмдун кооздолушуна карата ар түрдүү оюуларды, геометриялык чиймелерди, жаныбарлардын сөлөкөттөрүнөн салттуу оймо көчөттөрүн жабуу. Азем буюмунун бетине жабылган күмүш гүл, жылдыз, үч бурчтук жана башка оймолордон, чиймелерден турган. Салттуу коомдо мындай ыкма менен кыргыз аялдарынын зергер аземдеринин ичинен жарым ай түрүндөгү топчулар кооздолгон. Мындай ыкма ат жабдыктарынын кээ бир кооздуктарын жасоодо пайдаланылган. Экинчиси, калыңдыгы ичке согулуп жасалган күмүш зымдарын азем буюмунун бетине жабуу. Мындай ыкма аялдардын зергер аземдеринин арасынан салттуу төөнөгүчтү кооздодо колдонулган. Башкача айтканда салттуу төөнөгүчтүн бетине, четтерине түшүрүлгөн суу, ийри-буйру, сызыкча, жалбырак, үч бурч сыяктуу оймо көчөттөрү күмүш зымдары аркылуу төөнөгүчтүн бетине кооздук үчүн кесүү ыкмасы аркылуу жабыштырылган [1,2,4,7,8].

Талас аймагында жашаган зергер аял С.Султаналиеванын ою боюнча темир бетине кесик түшүрүү төмөнкүдөй ыкмада жүргүзүлгөн: ысытылган күмүш зымдарды дөшүнүн үстүнө коюп балка менен согуунун натыйжасында зергер буюмуна керектүү болгон ичке күмүш зымдарын алышкан. Согуу мезгилинде зымды майлап, жалпак темирге же зым тарткыч кычкачка кыпчып тартышкан. Дөшүнүн үстүндөгү зым өтүүчү тешиктер ар түрдүү чоңдукта болгон. Керектүү чоңдуктагы (калыңдыктагы) зымды алмайынча тешиктин көзөнөгү ичкерип кете берген. Иштетилчү зым көрүктүн очогуна ысытылган. Түшүрүлгөн оюунун же геометриялык чийменин фону боюнча ысытылган зым азем кооздугу үчүн пайдаланылган. Азем кооздугун түшүрүүдө ысытылган зым улам кесилип, согуучу куралдын (балканын же балтанын) жардамы менен даярдалган азем кооздугунун бетине жалпак кесик ыкмасы менен түшүрүлгөн. Ушундан кийин азем буюмунун бетине кесип түшүрүлгөн зым жакшы жабышып калышы үчүн азем кооздугу оттун табына көбүрөөк кармалган [5].

Жалпылап айтканда күмүш жабу же кесик түшүрүү ыкмасы салттуу коомдо аялдардын зергер аземдерин кооздодо аз колдонулуп, көбүнчө ат жабдыктын аземдерин, турмушка керектелүүчү кээ бир буюмдарды жасоодо колдонулган. Ал эми кыргыз аялдары

пайдаланган зергер аземдеринин ичинен Кыргызстандын бардык аймактарына кеңири тараган жарым ай түрүндө жасалган топчуну жана тегерек төөнөгүчтү кооздодо жогоруда талдоого алынган ыкмалар пайдалангандыгын талаада чогултулган этнографиялык жана көркөмөнөрдүк материалдар далилдейт.

*Калыпка куйуу* – азем буюмдарына керектүү болгон түстүү металлдан жасалган оюулардын, чийимдердин үлгүлөрүнүн кеби. Азем буюмун жасоо үчүн алгач зергер ал буюмдун үлгүсүн жасаган. Үлгү боюнча буюмдун келбети калыпка түшүрүлүп, ага эритилген түстүү металл куюлган. Зергерлердин билдирүүсүндө мындай калыптарды ТОО текенин, кулжанын мүйүздөрүнөн өзүлөрү каалагандай тегерек, төрт бурч, жүрөкчө, кутуча жана башка формада жасашкан [2,9].

Калыпка салуу ыкмасы төмөндөгүдөй жол менен өткөрүлгөн. Эритилүүчү күмүш металлдан жасалган чөйчөкчөгө салынып, отко кармалган. Көк жашыл түскө жеткен күмүштүн үстүнө ак дана керсе билгенден кийин эритинди каракүрөң түскө айланган. Ушул мезгилде эритиндинин үстүнө калдыктар бөлүнүп чыккан. Алар жезден жасалган кыпчуур менен алынган. Зергерлер даяр болгон эритиндини температурасы өзгөрүлө электе калыпка тез куюууга аракет кылышкан. Антпесе калыптын ичине аба боштугу аркылуу чуңкурчалар пайда болуп, куйулуучу күмүш эритинди жылмакай болбой калган [3].

Тянь-Шань аймагында жашаган зергерлер аялдардын аземдерин жасоодо калыпка салуу ыкмасын төмөндөгүдөй колдонушкан: эритилген коргошундун керектүү бөлүгү калыпка куюлуп, дөшүнүн үстүнө коюлуп, балка же балта аркылуу акырындык менен урулган. Натыйжада коргошун калыптын башына жабышып калпакча таризин түзгөн. Мындай калпакчанын үстүнө жука күмүш же жез коюлуп, балта менен каңдалган. Ушундай ыкма менен салттуу коомдо кыргыз аялдары тагынган топчу жасалган [2,10].

Ош, Баткен аймактарында жашаган зергерлер өсүмдүктөрдүн жана ар түрдүү геометриялык чиймелердин көчөттөрү тереңдетилип, оюлуп түшүрүлгөн жалпак калпактарды жасашкан. Мындай калыптар аркылуу салттуу коомдо кенен тараган күбөк, чачпапик, тээк, тумар, балык ооз жана башка зергер аземдерин жасашкан. Аталган аземдерден тээк, балык ооз жука жалпак күмүштөн аземделинип, калыпта кооздолгон. Кооздолгон тээк, балык ооз калыптан чыгарылганда эки түгөй жарым бөлүктөн турган. Алар бири-бирине ширетилгенден кийин бир бүтүн азем буюмун түзгөн. Жасалган азем кооздуктардын ичи көңдөй болгондуктан сыртына түшүрүлгөн көчөттөр так жана ачык көрүнүшү үчүн анын ичин сууга эритилген бордун күкүмү менен толтуруп майлашкан [3,4,10].

Калып ыкмасында жасалган аялдардын зергер аземдери Кыргызстандын бардык аймактарында тараган. Өзгөчө зергер аземдеринин ичинен сандыкча сөйкөгө, билерикке, шакекке, кеп такыяга, кыргакка, баргакка, чач папикке, күбөккө тагылган түрдүү азем кооздуктары, оймолору, чиймелери белгилүү орунду ээлеген. Ошондой болсо да калып ыкмасын иштетүүнүн аймактык өзгөчөлүктөрү байкалган. Ош, Баткен өрөөндөрүндөгү зергерлер аялдардын аземдерин жасоодо жалпак темирден оюлуп жасалган калыптарды пайдаланышкан. Мындай ыкма менен жасалган билерик, күбөк жана башка чач аземдери Талас, Бакай-Ата, Манас өрөөндөрүндө белгилүү болгон [8]. Тянь-Шань аймагындагы усталар жана зергерлер аялдардын азем буюмдарын жасоодо түстүү темирден сырткары кулжанын, текенин мүйүздөрүнөн жасалган түрдүү формадагы калыптарды колдонушкан.

Мындай калыптар зергерчиликти мурас туткан үй-бүлөөлөрдө бүгүнкү күнгө чейин сакталууда.

Макалада кыргыз аялдарынын салттуу зер аземдерин жасоодогу согуу, күмүш жалатуу же кесик түшүрүү жана калыпка куйуу ыкмалары талаада чогултулган этнографиялык материалдардын негизинде анализге алынды. Мүмкүнчүлүктүн жетишинче аталынган технологиялык ыкмалардын аймактык, экологиялык жана маданий өзгөчөлүктөрүн даректүү мисалдардын негизинде ачып берүүгө аракеттер жасалды.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Бекташева В.У. Автордун тала дептери (мындан нары - АТД). - №1.-Чүй областы.-Аламүдүн, Ысык-Ата, Кемин, Сокулук, Панфилов райондору
2. Бекташева В.У. АТД.-№2.-Нарын областы.-Кочкор, Жумгал, Нарын, Ак-Талаа, Ат-Башы райондору
3. Бекташева В.У. АТД.-№3.-Ош областы.-Өзгөн, Кара-Суу, Ноокат, Кара-Кулжа, Алай райондору
4. Бекташева В.У. АТД.-№4.-Жалал-Абад облусу.-Аксы, Базар-Коргон, Токтогул, Сузак, Чаткал райондору
5. Бекташева В.У. АТД.-№6.-Талас областы.-Талас, Бакай-Ата, Кара-Буура, Манас райондору
6. Махова Е.И. Народное прикладное изобразительное искусство//Абрамзон С.М., Антипина К.И., Васильева Г.П., Махова Е.И., Сулайманов Д. Быт и культура колхозников киргизских селений Дархан и Чичкан//Труды Института этнографии.-Новая серия.-Т.37.-М.; Изд-во АН СССР,1958.-С.56
7. Өмүрбеков Ч.К. АТД.-№5.-Ысык-Көл областы.-Жети-Өгүз, Тоң райондору
8. Өмүрбеков Ч.К. АТД.-№4.-Талас областы.-Бакай-Ата, Талас, Манас райондору
9. Өмүрбеков Ч.К. АТД.-№5.-Ысык-Көл областы.-Жети-Өгүз, Тоң райондору
10. Өмүрбеков Ч.К. АТД.-№7.-Ош областы.-Ноокат, Кара-Суу, Араван райондору.


**Рецензент: д.и.н., профессор Кочкунов А.С.**

УДК (58): 397

**Жакыпбеков Ж.**
т.и.д., Ж.Баласагын атындагы КУУнун профессору

## КӨЧМӨН ЦИВИЛИЗАЦИЯНЫН СУРООЛОРУ: КӨЗ-КАРАШТАР ЖАНА СУНУШТООЛОР

*Сунуш кылынган докладда совет мезгилине чейинки, совет мезгилиндеги жана совет мезгили кулагандан кийинки историографиянын негизинде Борбордук Азиядагы элдердин көчмөн цивилизациясы, өзүнүн көз караштарын жана сунуштарды кошуу ыкмасы менен каралат. Материалдарды анализге алууда Геродоттун (б.з.ч. V к.), Ибн Халдундун (XIV-XVкк.), англиялык окумуштууА.М.Хазановдун (XIX к.), А.Тойнбинин (XX к.) жанаЛ.Н.Гумилевдун (XX к.) эмгектери анализге алынган.*

**Түйүндүү сөздөр**: көчмөн цивилизация, көчмөндөр, антропологизация, номаддар, цивилизация теориясы.